DOI:10.26104/IVK.2019.45

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 12, 2019

## САЯСИЙ ИЛИМДЕРИ
## ПОЛИТИЧЕСКИЕ НАУКИ
## POLITICAL SCIENCES

*Асанбаева Г.Ж.*

# АЗЫРКЫ КЫРГЫЗСТАНДАГЫ КОРПОРАТИВДИК БАШКАРУУНУН ЖАНА КОРПОРАТИВДИК БАШКАРУУ ОРГАНДАРЫНЫН КАЛЫПТАНУУСУНУН НЕГИЗДЕРИ

*Асанбаева Г.Ж.*

# ОСНОВЫ СТАНОВЛЕНИЯ КОРПОРАТИВНОГО УПРАВЛЕНИЯ И ОРГАНОВ КОРПОРАТИВНОГО УПРАВЛЕНИЯ В СОВРЕМЕННОМ КЫРГЫЗСТАНЕ

*G. J. Asanbaeva*

# FUNDAMENTALS OF THE FORMATION OF CORPORATE GOVERNANCE AND CORPORATE GOVERNANCE BODIES IN MODERN KYRGYZSTAN

*УДК: 005(575.2)*

*Бул макала азыркы Кыргызстандагы корпоративдик башкаруу жана корпоративдик башкаруу органдарынын калыптанышына арналган. Бир нече ондогон жылдар бою ишкердиктин жана мамилелердин рыноктук формаларына өтүп, ушул максатка багытталган саясий, социалдык-экономикалык жана укуктук реформаларды жүргүзүп келе жаткан азыркы Кыргызстан, мамлекеттин бардыгын тиешелүү эффективдүүлүк менен көзөмөлдөө мүмкүнчүлүгүнө жана каалоосуна таянбаса, бул максатка жете албайт. Реформанын этабын басып өткөн өлкөлөрдүн басымдуу көпчүлүгүнүн тажрыйбасы күбөлөндүргөндөй, алгачкы түрткү экономиканы терең трансформациялоо үчүн мамлекет тарабынан камсыз кылынат, анын жетекчисиз жана катышуусуз жетиштүү өнүккөн базар экономикасына өтүү мүмкүн эмес. Кыргызстандын саясий жана экономикалык турмушунда учурдагы кырдаалды ыңгайлуу деп атоого болбойт. Өндүрүштүн өсүшү жок, ИДПнын өсүшү иш жүзүндө токтоп калды, инфляциянын өсүшүн айтпаганда. Биздин өлкө экономикалык туруксуз абалда. Мындай кырдаал кыргыз компанияларын да кыйгап өтпөйт. Бул ишенимдүү жана натыйжалуу башкаруу тутумун түзүү максатында корпоративдик башкаруунун негизги аспектилерин кеңири карап чыгууга жана аларды андан ары өркүндөтүүгө түрткү болушу керек. Он жылдан ашуун убакыттан бери уланып келе жаткан кризис башкаруу маселелеринде кыйла кылдат жана ийкемдүү ыкманы талап кылат.*

***Негизги сөздөр:*** *корпоративдик башкаруу, өкмөт, акционердик коом, базар, директорлор кеңеши, өнүктүрүү банкы, эл аралык валюта, фонд, мамлекеттик ишканалар.*

*Данная статья посвящена становлению корпоративного управления и органам корпоративного управления в современном Кыргызстане. Современный Кыргызстан, осуществляющий уже в течение нескольких десятилетий переход к рыночным формам хозяйствования и отношениям и проводящий для этого целенаправленные политические, социально-экономические и правовые реформы, не может добиться поставленной цели, не опираясь при этом на способности и стремлении государства контролировать с должной эффективностью все стадии реформационного процесса. Исходный импульс, как об этом свидетельствует опыт подавляющего большинства стран, прошедших стадию реформирования, для глубокого преобразования экономики дает государство, без руководства и участия которого практически невозможно осуществить переход к достаточно развитой рыночной экономике. В политической и экономической жизни Кыргызстана, сложившуюся обстановку, на сегодняшний день, нельзя назвать благоприятной. Рост производства не наблюдается, рост ВВП практически остановился, не говоря уже об увеличении темпов роста инфляции. Наша страна находится в состоянии экономической нестабильности. Такая ситуация не может пройти безболезненно для кыргызских компаний. Она должна послужить толчком для более детального рассмотрения основных аспектов корпоративного управления и дальнейшего их совершенствования в целях*

DOI:10.26104/IVK.2019.45



*построения более надежной и эффективной системы управления. Кризис, который длится уже более 10 лет, требует от компаний более креативного и чуткого подхода в вопросах управления.*

***Ключевые слова:*** *корпоративное управление, государство, акционерное общество, рынок, совет директоров, банк развития, международная валюта, фонд, государственные предприятия.*

*This article is devoted to the formation of corporate governance and corporate governance bodies in modern Kyrgyzstan. Modern Kyrgyzstan, which has been carrying out the transition to market-based forms of business and relations for several decades and pursuing targeted political, socio-economic and legal reforms for this, cannot achieve this goal without relying on the ability and desire of the state to control everything with due efficiency. Stages of the reformation process. The initial impetus, as evidenced by the experience of the overwhelming majority of countries that have passed the stage of reform, for a deep transformation of the economy is provided by the state, without the leadership and participation of which it is practically impossible to make the transition to a sufficiently developed market economy. In the political and economic life of Kyrgyzstan, the current situation today cannot be called favorable. There is no growth in production, GDP growth has practically stopped, not to mention an increase in inflation. Our country is in a state of economic instability. This situation cannot be painless for Kyrgyz companies. It should serve as an impetus for a more detailed consideration of the main aspects of corporate governance and their further improvement in order to build a more reliable and effective management system. The crisis, which has been going on for more than 10 years, requires companies to be more creative and responsive to management issues.*

***Key words:*** *corporate governance, state, joint-stock company, market, board of directors, development bank, international currency, fund, state-owned enterprises.*

Классикалык элестөөлөргө ылайык, өнөктөштүкө жөндөмдүү базардык экономикалык система өндүрүш каражатына болгон жеке менчике негизделүүсү абзел. Толук түрдө аталган принципке ылайык экономиканы кайра түзүүдөгү мамлекеттин саясатынын бирден-бир негизги милдеттеринин жобосу катары жеке менчик институтун түзүү жана аны өркүндөтүү болуу керек.

Кыргызстан өз алдынча эгемендүү мамлекет болгонго чейин эле терен саясий жана экономикалык кайра өзгөрүүлөр башталгандыгы белгилүү, бирден-бир приоритеттүү багыттардан болуп экономиканын өндүрүш тармагын реформалоо эсептелген. Аталган максат үчүн 1991-жылы КРнын Өкмөтү тараптан өлкөнүн бардык экономикалык системасындагы мамлекеттин ролун өзгөртүүгө багытталган бир катар иш-чараларды жүзөгө ашырууну караган реформалардын комплекси каралган, ал биринчи кезекте ошол мезгилде мамлекеттин менчигинде турган иш-чараларды менчиктештирүүнү жана реструктуралаштырууну жүзөгө ашыруу менен кыска убакыт аралыгында калыптандырууга мүмкүн болгон экономикадагы жеке секторду түзүү зарылчылыгы менен шартталган [1, 8-б.].

Реформалардын башталуусунда өндүрүш чөйрөсүндө дээрлик жалгыз болуп, талапка ылайык базар механизмдери менен мамлекеттик менчикти демонополиялаштырууну түзүүсүз жана аны киргизүүсүз алдыга коюлган максаттарга жетүүгө мүмкүн болгон эмес. Ошентип, анын демонополиялашуусу чарбачылыктын жаны формаларына өтүүсү үчүн материалдык-техникалык негиздердин түзүлүүсүнө алып келүүсү абзел эле. Мамлекеттик заводдор менен фабрикалардын кайра түзүлгөндөн кийинки реформалардын биринчи баскычында Кыргызстанда эгерде корпоративдик башкаруу принциптерине таянып, өзүнүн ишмердүүлүктөрүн кыйла жемиштүү жүзөгө ашыра ала турган көптөгөн өлкөлөрдүн тажрыбасы көрсөтүп тургандай, алгачкы акционердик коомдор, андан тышкары корпорациялар пайда болгон. Реконструкция жана өнүгүү Азиялык банкы (андан ары РӨАБ) Эл аралык Валюталык Фонду (ЭВФ) менен катар биздин өлкөнүн өндүрүш ишканаларынын жогорудагы принциптерге өтүүсүн баштаган негизги мекемелерден болуп калган. Белгилей кетүүчү нерсе, РӨАБ 1966-жылы эле түзүлгөн. Анын негизги милдети бир катар мамлекеттердин, анын ичинде Кыргызстандын социалдык-экономикалык өнүгүүсүн каржылык камсыз кылууда турат. РӨАБнын башкы донору катарында АКШ менен Жапония өкмөтү, ал эми анын ишмердүүлүгүнүн объектиси катары – өнүккөн жана начар өнүккөн өлкөлөрдүн категориясына таандык болгон мамлекеттер эсептелет.

РӨАБ долбоорлор менен социалдык-экономикалык мүнөздөгү программаларды жүзөгө ашырууга багытталган кредиттерди берет, андан тышкары ар кыл мамлекеттик, жеке уюмдарга түздөн-түз насыялык жана техникалык көмөтөрдү көрсөтөт.

Базардык карым-катнаштарга өтүү этабында турган жана экономиканы реформалоо болгон максаттуу процессин жүзөгө ашыруучу Кыргыз Республикасы процесстин бардык баскычтарын эффективдүү көзөмөлгө алуу жөндөмдүүлүгүнө таянуусу керек. Башка өлкөлөрдүн тажрыйбасы көрсөтүп тургандай, экономиканы реформалоонун баштапкы импульсун динамикалуу базар экономикасына кийинки өтүүсүн камсыз кылууга жөндөмдүү болгон мамлекет

DOI:10.26104/IVK.2019.45



берет [2, 121-б.].

Эгерде ошол процесске өткөн алгачкы өлкөлөрдү эске ала турган болсок, корпоративдик башкаруу кыйла узак убакытта эволюциялык жол менен калыптанган. Кыргызстан туурасында айта турган болсок, ал убакыттан уттурган эмес, ошол себептен алгачкы акционердик компаниялар түзүлө баштаганда реформаторлор тарабынан үлгү катары башкаруунун америкалык модели кабыл алынган. Бирок, акционердик коомдордун ишмердүүлүгүнүн алгачкы беш жылдагы ээ болгон тажрыйбасында улуттук менталитеттин өзгөчөлүктөрүнүн натыйжасында пайда болгон кээ бир карама-каршылыктарды кезиктирүүгө болот, ал болсо өз кезегинде аткаруу органдарынын мүчөлөрү компаниянын директорлор Кенешинин курамына киргенде, акционерлер чарбачылык кылган субъекттердин ишмердүүлүгүнө кандайдыр-бир деңгээлде таасирин тийгизбей калуусуна алып келген. Иш-аракеттердин мындай абалында учурдан пайдаланып бийликти басып алып, компаниянын ишмердүүлүгүнө жетекчилик кылган менеджерлердин өз абалынан дайыма кыянаттык менен олуттуу түрдө пайдалануусунун натыйжасына ээ болгон. Мындай терс тажрыйбаны эске алуу менен Кыргыз үчүн башкаруунун аралаш системасын киргизүү кыйла ылайыктуу, акылга сыярлык жана максаттуу болуп калган, анда директорлор Кенешине мурункудан да кыйла олуттуу ролду аткаруу милдети жүктөлгөн, ага ылайык ал “байкоочудан” бардык акционерлердин купулуна толо турган акционердик коомдун өнүгүүсүнүн эффективдүү стратегиясын иштеп чыгуу милдети да жүктөлгөн орган болуп кайра түзүлүүсү керек [3, 53-б.].

Ишканалардын эффективдүү өндүрүштүк ишмердүүлүгүнө жетип, алардын жашоо жана жогорку өнөктөштүк жөндөмдүүлүгүн кыйла узак убакытка камсыз кылуусу үчүн ийгиликтүү чарбачылык жүргүзгөн өлкөлөрдүн тажрыйбасы көрсөтүп тургандай ишканалардын кызматкерлерине алардын мүлктүк укуктарын түшүндүрүү зарыл.

Ишкананын ишинин туруктуулугу анын жалпы каржылык структурасы, насыя берүүчүлөр менен инвестерлордон болгон көз карандысыздыгынын деңгээли менен байланышкан. Алсак, көптөгөн ишканалар өзүнүн ишмердүүлүк процессинде жеке капиталынан тышкары насыяга алынган олуттуу каражаттарды тартышат. Бирок, эгерде “жеке капитал – насыялык каражаттар” структурасына карыздар тарапта олуттуу оош-кыйыштарга ээ, ишкана эгерде бир нече насыя берүүчүлөр өзүлөрүнүн акчасын “ыңгайсыз мезгилде” кайтарып берүүсүн талап кылган болсо банкрот болуусу ыктымал [4. 35-б.].

Конкреттүү ишкананын өнүгүүсүнүн динамикасы, ийгилиги сыяктуу реалдуу ишмердүүлүк олуттуу түрдө анын акционерлери ылайыктуу кызмат адамдарына жүктөлгөн ишкананын кирешелүүлүгүн жана анын ишмердүүлүгүн башкаруунун эффективдүүлүгүн камсыз кылуу менен байланышкан укуктары менен милдеттерин жүзөгө ашырышат.

Жогоруда айтылгандарды эске алып, Кыргызстандын мамлекеттик ишканаларын акционердик коомдорго трансформациялоо менен аталган ишканалар менен мамлекеттин ортосундагы байланышты оптимизациялап, акырындык менен алардын ишмердүлүгүн базар экономикасынын реалдуу шарттарына ыңгайлаштыруу каралган. Бирок, тилекке каршы, реформалоо аракети бекемдөөгө эмес, тескерисинче ишканаларды башкаруунун начарлоосуна алып келди, анын себеби катары ал толугу менен мурунку жетекчилике жүктөлүүсү саналган, эреже катары, акыр аягында ишканалардын ишмердүүлүгү үчүн жоопкерчиликти алууну каалаган эмес жана алган эмес, натыйжасында ишканалардын акцияларынын көзөмөлдүк пакеттери мамлекетке таандык болуп, алардын ишмердүүлүгү жана андан аркы тагдыры менен байланышкан бардык тобокелчиликтерди ишканаларды чындап башкаргандар эмес, мамлекет өзүнө алган.

Бирок, белгилей кетүүчү нерсе, менчиктешип кетип, мамлекет катышкан ишканаларда дагы копроративдик башкаруу системасы эффективдүү болгон эмес жана начар өнүккөн. Ошогон карабастан, аталган ишканалардын жетекчилиги кандайдыр-бир себептерден улам ишкана төлөм жүргүзүүгө жөндөмсүз болуп, акционерлерге милдеттендирилген ишенимди актай алуу жөндөмдүү болгон күчөтүлгөн андан аркы ишмердүүлүк үчүн эч кандай мотив, реалдуу стимулдар жок болуп калуусу менен байланышкан жоопкерчилик менен тобокелдикти өз моюнуна алуусу абзел.

Жетекчилике жана кыйла ири акционерлерге ишканалардын башка ээлик кылуучуларынын укуктарын көнүл борборунан тышкары калтырууга жана аларга каршы болгон ишмердүүлүктү жүзөгө ашырууга шарт түзгөн олуттуу фактор катары жетишсиз деңгээлдеги жарыялоочулук, ишканалардын корпоративдик башкаруу структурасынын ачыктыгы өнөктөштүкө жөндөмдүү экономиканы калыптандырууга багытталган мамлекеттин иш-аракеттери менен ишмердүүлүгүнүн эффективдүүлүгүн олуттуу түрдө төмөндөткөн.

Жалпы жонунан, ишканалардын натыйжалуулугу, ишмердүүлүгүнүн артка кайтуусу, өнүгүүсүнү

DOI:10.26104/IVK.2019.45



динамикасы алардын ээликтери менен жетекчилеринен, андан тышкары, ишмердүүлүктөрүн жүзөгө ашыруудагы бирдиктүү иш-аракеттеринин конкреттүү ыкмаларынан жана формаларынан көз каранды. Андыктан, ээлик кылуучулар ишкананын жалпы акционердик капиталындагы алардын үлүшү түрүндө берилген мүлктү пайдаланууну камсыз кылып, көзөмөлгө алуусу чон мааниге ээ. Албетте, ал анын ээлик кылуучулары үчүн кыйла ыңгайлуу түрдө пайдалануусу керек. Ал үчүн КРнын Өкмөтү жана Азиялык өнүгүү банкы өз кезегинде ири масштабдуу – “Корпоративдик башкаруу жана ишканаларды реформалоону” жана “Корпоративдик башкаруунун жана банкротчулук процедураларынын дараметин күчөтүүнү” жүзөгө ашыруу аракетин көрүшкөн. Аталган программаны жүзөгө ашыруу акционерлерге өзүлөрүнүн укуктары менен милдеттерин максималдуу эффективдүү жүзөгө ашырууну камсыз кылуусу керек эле.

Аталган программаны иш жүзүнө ашыруу корпоративдик башкаруу механизмдеринин иш-аракети өз алдынча, экономикалык жана укуктук реалдуулуктан тышкары боло албайт, анын үстүнө алардын иш-аракеттери менен эффективдүүлүгү олуттуу деңгээлде аталган реалдуулук менен аныкталса, экинчи жагынан, ага белгилүү бир деңгээлде таасирин тийгизет [5, 10-б.].

1995-1998-жылдар аралыгында РӨАБ тарабынан ишканаларды башкаруу реконструкциясы Программасы иштелип чыккан. Аталган Программа орто мөөнөттүү мүнөзгө ээ болуп, анын жүзөгө ашырылуусу биздин өлкөдөгү корпоративдик башкарууну киргизүүнү боолгологон. Банк тарабынан грант бөлүнүп, 1997-жылдын 27-октябрында ишмердүүлүгү КРнын Өкмөтүнүн Токтомуна ылайык кыйла эффективдүү жана өнөктөштүкө жөндөмдүү экономиканы түзүү максатында корпоративдик башкарууну киргизүүдө ишканаларга техникалык көмөк көрсөтүүгө багытталуусу керек болгон КРнын Премьер-министринин Аппаратынын алдында корпоративдик өнүктүрүү боюнча атайын Борбор (андан ары -Борбор) түзүлгөн.

Буга чейин айтылган программалар менен катар КРнын Өкмөтү тарабынан ишканаларды акционерлештирүү жана корпорациялаштыруу өз алдынча Программасы иштелип чыккан. Анда ишканаларды реорганизациялоонун жолдору, методдору менен катар аларды башкаруунун жаны ыкмалары, принциптери иштелип чыккан. Программанын манызы менен негизги милдети ээлик кылуучулардын мүлктүк укуктарын коргоону камсыз кылуу, алардын корпоративдик башкаруу системасындагы абалы менен ролун түшүндүрүү, чарбачылыктын жаны формаларынын нормалдуу иш алып баруусу үчүн зарыл шарттарды түзүү ж.б. байланышкан.

Андан тышкары, Кыргызстандагы корпоративдик башкарууну киргизүү биздин улуттук кызыкчылыктарга жооп берет, ал өзүнөн-өзү бир катар талаптарды алып чыккан базардык карым-катнаштардын жаны шарттарында абдан зарыл, алар төмөнкүлөр менен байланышкан:

а) ишканаларда негизинде базардык карым-катнаштар жаткан башкаруунун жаны системасы менен методдорун киргизүү;

б) ишканалардын ишмердүүлүгүн реструктуралаштыруу жана аны базар шарттарына кайра багыттоо;

в) капиталдын ички эле эмес тышкы булактардан болгон агылып кирүүсүн шарттаган зарыл шарттарды камсыз кылуу;

г) ээлик кылуучулардын мүлктүк укуктарын кыйла толук жүзөгө ашырууну, андан тышкары ишканалардын эффективдүүлүгү менен рентабелдүүлүгүн камсыз кылуу ж.б.

Башкаруунун корпоративдик формасы, эгерде алдынкы өлкөлөрдүн тажрыйбасын эске ала турган болсок, анда ал узак убакыт бою эволюциялык жол менен түзүлгөн. Кыргызстанда көптөгөн себептерден улам ал өзгөчө тартипте киргизилген жана ал дагы деле жалпылыка ээ болгон жок. Өлкөдө бүгүнкү күнү бир жарым минден ашуун акционердик коомдор бар, бирок болгону үч жүздөн ашуун ишканаларда гана корпоративдик башкаруунун принциптери киргизилип, аларды башкаруу процессинде, андан тышкары ылайыктуу нормативдик-укуктук базаны иштеп чыгууда жана киргизүүдө болгон.

Азыркы мезгилде республикада ачык же жабык типтеги чарбачылык өнөктөштүк улам кенири тарап бара жатат. Аталган процесс, албетте, тийиштүү юридикалык каттоосуз, зарыл мыйзам чыгаруучулук базасыз ишке ашуусу эч мүмкүн эмес эле. Кыргызстандагы реформалардын жүрүшүндө көптөгөн мыйзамдар иштелип чыгып, кабыл алынды, алсак: Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасындагы ишканалар тууралуу”, “Кыргыз Республикасындагы мамлекеттиктен ажыратуу, менчиктештирүү жана ишкерликтин жалпы башталыштары тууралуу”, “Акционердик коомдор” “Кооперация”, “Чарбачылык өнөктөштүк жана коомчулук тууралуу” ж.б. көптөгөн мыйзамдарды айтсак болот [6, 153-б.].

Башкаруу системасын өркүндөтүү үчүн багытталган кийинки документ болуп 1997-жылдын 26-

DOI:10.26104/IVK.2019.45



июлунда кабыл алынган “Кыргыз Республикасындагы корпоративдик башкаруу принциптерин киргизүү боюнча иш-чаралар тууралсындагы” КРнын Өкмөтүнүн Токтому эсептелет, анда Кыргыз Республикасындагы башкаруунун корпоративдик башкаруу формасын орнотуунун негизги максаты катары акционерлердин укуктары корголуп, алардын, андан тышкары уюмдар менен ишканалардын башкаруу методдору менен формасын оптимизациялоодогу жогорку эффективдүүлүгү жана атаандаштыка болгон жөндөмдүүлүгү менен мүнөздөлүүчү көп баскычтуу базар экономикасын түзүү эсептелет. Аталган Токтом менен Кыргыз Республикасындагы корпоративдик башкаруу боюнча Жетекчилик, андан тышкары, ачык акционердик коомунун Типтик уставы бекитилген. Жогоруда көрсөтүлгөн документтерде камтылган жоболорго ылайык курамына элүүдөн ашуун акционерлер кирген акционердик коомдордун, андан тышкары келечекте түзүлө тургандардын ишмердүүлүгүн жөнгө салуучу бардык нормативдик документтер Типтик уставга ылайык келип, анын талаптарына, андан тышкары корпоративдик башкаруунун принциптерине каршы келбөөсү керек.

Эгерде корпоративдик башкаруу менен байланышкан маселелерге кайрыла турган болсок, анда жогоруда айтылган олуттуу көйгөйлөр менен катар көптөгөн акционерлер менен башкаруучулардын, мамлекеттик органдардын ж.б. кызматкерлеринин жанычылыктын жогорку деңгээлинин натыйжасында башкаруунун аталган формасынын маанилүүлүгүн жана эффективдүүлүгүн түшүнбөөчүлүктөрү эсептелет. Кыргызстанда корпоративдик башкаруу мындан да жогорку деңгээлде эффективдүү иш алып баруусу үчүн түзүлгөн негизги шарттарга карабастан, корпоративдик карым-катнаштарды жөнгө салуу жана корпоративдик бизнести тейлөө үчүн багытталган нормативдик-укуктук база жетиштүү деңгээлде өнүккөн эмес. Андан тышкары, калктын басымдуу бөлүгүнүн экономикалык жана укуктук сабаттуулугунун жогорку эмес деңгээли милдеттерине базардык карым-катнаштарды киргизүү жана жөнгө салуу кирген жогорку кызмат адамдары өзүлөрүнүн ишмердүүлүктөрүндө кызмат абалынан болгон бардык кыянатчылыктарды жасоолоруна алып келип жатат.

Корпоративдик башкаруу ири бизнести киргизүүнүн объективдүү зарыл шарты катары калыптанган. Албетте, бул жерде корпорациялардын калыптануусунун узак эволюциялык процессин айтсак болот.

Акырында жыйынтык чыгаруу менен корпоративдик башкаруу - бул акционердик коомдун аткаруу органдарынын, анын директорлор кеңешинин, акционерлер жана башка кызыкдар болгон тараптардын ортосундагы өз ара карым-катнаштар системасын камтыган түшүнүк деген корутунду чыгарууга болот.

**Адабияттар:**


1. Отчет ЦКУ Аппарата Премьер-министра, по программе – Корпоративное управление и реформы предприятий и технической помощи, усиление потенциала корпоративного управления и процедур банкротства [Текст] // Корпоративный вестник. Март, 2001. - 62 с.
2. Асанбаева Г.Ж. Основы развития корпоративного управления в процессе демократизации общества. Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2019. №.2. С. 120-124
3. Айткулов, М., Тойчубаев, Т. О практике корпоративного управления [Текст] / М. Айткулов, Т. Тойчубаев // Сборник статей. ЦКУ Аппарата Премьер-министра КР. – Бишкек, 1999. – С. 20–29.
4. Анвар уулу Жантай. Роль финансового анализа в повышении эффективности деятельности предприятия. // Журнал ВАК КР. – Научные исследования в Кыргызской Республике. Бишкек, 2020г.№1. – С.35-37.
5. Отчет ЦКУ Аппарата Премьер-министра, по программе – Корпоративное управление и реформы предприятий и технической помощи, усиление потенциала корпоративного управления и процедур банкротства [Текст] // Корпоративный вестник. Март, 2001. – 62 с.
6. Асанбаева Г.Ж. Акционерное общество – основной субъект внедрения принципов корпоративного управления. Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2019. №. 9. С. 152-157.